# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
# **МЫЙЗАМЫ**

---

# **З А К О Н**
# КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Кыргыз Республикасында сүткорлук ишти чектоо жөнүндо**

2013-жылдын 20-июнунда

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасында сүткорлук ишти чектөө жаатындагы мамлекеттик саясаттын негизги принциптерин жана чектөө белгилөөнүн укуктук негиздерин аныктайт.

**1-берене. Ушул Мыйзамдын колдонулуу чөйрөсү**

Ушул Мыйзамдын колдонулушу насыячыларга - сүткорлук иштин аныктамасына туш келген пайыздарда карызга зайымдарды жана насыяларды берүүчү жеке жана юридикалык жактарга (менчигинин формасына карабастан) жайылтылат.

**2-берене. Сүткорлук ишти чектөө жөнүндо Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана анын колдонулуу чойросү**

1. Сүткорлук ишти чектөө жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары Конституцияга, Граждандык кодекске, ушул Мыйзамга жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына негизделет.

2. Пайыздык коюмдарды сот тартибинде чектөө маселелерине тиешелүү Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарынын ченемдери ушул Мыйзамга карама-каршы келбөөсү тийиш.

**3-берене. Ушул Мыйзамдын максаты**

Зайымдардын жана насыялардын пайыздык коюмдарынын өлчөмүн адилеттүү аныктоону камсыз кылуу аркылуу керектөөчүлөрдүн – зайымчылардын укуктарын коргоо ушул Мыйзамдын максаты болуп саналат.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
**МЫЙЗАМЫ**

# ЗАКОН
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

## Об ограничении ростовщической деятельности в Кыргызской Республике

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 20 июня 2013 года

Настоящий Закон определяет основные принципы государственной политики в области ограничения ростовщической деятельности в Кыргызской Республике и правовые основы установления ограничения.

### Статья 1. Сфера действия настоящего Закона

Действие настоящего Закона распространяется на кредиторов - физических и юридических лиц (независимо от форм собственности), выдающих займы и кредиты в долг под проценты, подпадающих под определение ростовщической деятельности.

### Статья 2. Законодательство Кыргызской Республики об ограничении ростовщической деятельности и сфера его применения

1. Законодательство Кыргызской Республики об ограничении ростовщической деятельности основывается на Конституции, Гражданском кодексе, настоящем Законе и иных нормативных правовых актах Кыргызской Республики.

2. Нормы законодательства Кыргызской Республики, касающиеся вопросов ограничения процентных ставок в судебном порядке, не должны противоречить настоящему Закону.

### Статья 3. Цель настоящего Закона

Целью настоящего Закона является защита прав потребителей – заемщиков посредством обеспечения справедливого определения размера процентных ставок займов и кредитов.

**4-берене. Ушул Мыйзамда пайдаланылган негизги терминдер жана түшүнүктөр**

Ушул Мыйзамдын максаттарында төмөнкү түшүнүктөр пайдаланылат:

**чектүү жол берилүүчү пайыз** – бул ушул Мыйзамдын 1-беренесинде көрсөтүлгөн адамдар тарабынан насыяларды же зайымдарды ушул Мыйзамда белгиленген тартипте берүү боюнча, андан жогоркусу мамлекет тарабынан таанылбаган пайыздык коюмдардын өлчөмү;

**жогорку пайыз** – жылдык чектүү жол берилүүчү жана андан жогору пайыздык өлчөмдөгү пайыздык ставка;

**зайым** – күчүнөн бир тарап (насыячы) башка тараптын (зайымчынын) менчигине акчалай жана/же материалдык каражаттарын өткөрүп берген, ал эми зайымчы насыячыга пайыздарды төлөө менен жана андайсыз акчалай жана/же материалдык каражаттарды ошол эле өлчөмдө кайтарып берүүгө милдеттенген милдеттүү мамилелердин түрү;

**насыя** – бул насыячы тарабынан зайымчыга келишимде каралган өлчөмдө жана шарттарда берилүүчү акча каражаттары, ал эми зайымчы алынган акчалай сумманы кайтарып берүүгө жана ага пайыздарды төлөп берүүгө милдеттенет;

**зайымчы** – кайтарып берүүчүлүктүн жана акы төлөөчүлүктүн шарттарында насыянын, зайымдын каражаттары боюнча акчалай жана/же материалдык каражаттарды насыячыдан алган жеке же юридикалык жак;

**насыячы** – кайтарып берүүчүлүктүн жана акы төлөөчүлүктүн шарттарында насыя, зайым аркылуу акчалай жана/же материалдык каражаттарды зайымчыга берген жеке же юридикалык жак;

**сүткорлук** – акчалай жана/же материалдык каражаттарды жогорку пайыз менен насыяга, зайымга берүү;

**сүткорлук иш** – келишимде каралган акчалай жана/же материалдык каражаттарды пайдалангандыгы үчүн жогорку пайыздарды кароо менен мөөнөттүүлүктүн, кайтарып берүүчүлүктүн жана акы төлөөчүлүктүн негизинде акчалай жана/же материалдык каражаттарды берүү боюнча жеке жана юридикалык жактардын иши;

**сүткорлуктун пайыздык коюмдары** – насыя келишими же зайым келишими боюнча чектүү жол берилүүчү пайыздан ашкан өлчөмдөгү пайыздык коюмдар.

**5-берене. Зайымчынын насыячы менен өз ара мамилелери**

1. Зайымчынын насыячы менен мамилеси насыя келишиминин же зайым келишиминин негизинде (кат жүзүндө), жарандык мыйзамдардын талаптарына ылайык жүзөгө ашырылат.

2. Келишимде сүйлөшкөн тараптардын негизги шарттары, б.а. келишимдин предмети; тараптардын укугу, милдети жана жоопкерчилиги; насыя, зайым боюнча пайыздарды төлөөнүн шарты жана тартиби; жылдык эсептөөдөгү гана пайыздык коюмдун өлчөмү; операцияларды жүргүзүү коюмдары жана тарифтери; келишимге өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн тартиби; мөөнөттөр; келишимдин шарттарын аткарбаганы, өз мезгилинде аткарбаганы үчүн санкциялар; тараптардын сүйлөшүүлөр боюнча башка шарттары каралат.

### Статья 4. Основные термины и понятия, используемые в Законе

В целях настоящего Закона используются следующие понятия:

**предельно допустимый процент** – это в порядке, устанавливаемом настоящим Законом, размер процентной ставки по предоставлению кредитов и займов, выдаваемых лицами, указанными в статье 1 настоящего Закона, выше которого не признается государством;

**высокий процент** – процентная ставка размером от предельно допустимого процента годовых и выше;

**заем** – вид обязательственных отношений, в силу которых одна сторона (кредитор) передает в собственность другой стороне (заемщику) денежные и/или материальные средства, а заемщик обязуется возвратить кредитору такой же размер денежных и/или материальных средств с уплатой процентов или без таковых;

**кредит** – это денежные средства, предоставляемые кредитором заемщику в размере и на условиях, предусмотренных договором, а заемщик обязуется возвратить полученную денежную сумму и уплатить проценты на нее;

**заемщик** – физическое или юридическое лицо, получившее у кредитора денежные и/или материальные средства по средствам кредита, займа на условиях возвратности и платности;

**кредитор** – физическое или юридическое лицо, предоставляющее заемщику денежные и/или материальные средства посредством кредита, займа на условиях возвратности и платности;

**ростовщичество** – предоставление денежных и/или материальных средств в кредит, заем под высокие проценты;

**ростовщическая деятельность** – деятельность физических и юридических лиц по предоставлению денежных и/или материальных средств по договору на основе срочности, возвратности и платности, предусматривая при этом в договоре высокие проценты за пользование указанными денежными и/или материальными средствами;

**ростовщические процентные ставки** - процентные ставки по кредитному договору или по договору займа в размере, превышающем предельно допустимый процент.

### Статья 5. Взаимоотношения заемщика с кредитором

1. Отношения заемщика с кредитором осуществляются на основе кредитного договора или договора займа (в письменной форме) в соответствии с требованиями гражданского законодательства.

2. В договоре предусматриваются основные условия договаривающихся сторон, т.е. предмет договора; права, обязанности и ответственность сторон; условия и порядок выплаты процентов по кредиту, займу; размер процентной ставки исключительно в годовом исчислении; ставки и/или тарифы за проведение операций; порядок внесения изменений в договор; сроки; санкции за невыполнение, несвоевременное выполнение условий договора; иные условия по договоренности сторон.

**6-берене. Пайыздык коюмдарды чектөө**

1. Чектүү жол берилүүчү пайыздын өлчөмү Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан аныкталган 15 пайыз кошула турган орточо салмактап алынган номиналдуу пайыздык коюмдан улам эсептелет.

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан лицензияланууччу жана жөнгө салынууччу банктардын жана башка финансы-насыялык мекемелердин колдонуудагы насыялар боюнча орточо салмактап алынган номиналдуу пайыздык коюму Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан жарым жылдык негизде эсептелет жана анын расмий сайтына жарыяланат.

Орточо салмактап алынган коюмдун пайызын эсептөөнүн усулу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан аныкталат.

3. Сүткорлук иште зайымчы насыячынын алдындагы милдеттенмелерин аткарбаган учурда зайымчынын күрөө мүлкүн алып коюу сот тартибинде гана жүргүзүлөт.

4. Зайымчынын насыячынын алдындагы акчалай жана/же материалдык милдеттенмелерин аныктоодо насыянын же зайымдын колдонулушунун бүткүл мезгили үчүн кошуп эсептелүүчү бышмананын (айыптардын, туумдардын) өлчөмү берилген насыянын же зайымдын суммасынын 20 пайызынан ашпоосу тийиш.

5. Эгерде насыя келишиминде же зайым келишиминде пайыздардын өлчөмү чектүү жол берилүүчү пайыздан аз аныкталса, сот келишимде көрсөтүлгөн коюмдардын алкагында карайт, эгерде насыя келишиминде же зайым келишиминде чектик жол берилүүчү пайыздын өлчөмүнөн ашык аныкталса, сот чектүү жол берилүүчү пайыздын өлчөмүнүн алкактарында гана карайт.

**7-берене. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши**

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы үч айлык мөөнөттө өзүлөрүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

3. Ушул Мыйзамдын колдонулушу ушул Мыйзам колдонууга киргизгенге чейин тындырылбаган насыялар жана зайымдар боюнча насыячылар менен зайымчылардын ортосунда пайда болгон мамилелерге жайылтылат.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А. Атамбаев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН АППАРАТЫ
АППАРАТ ПРЕЗИДЕНТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
КАНЦЕЛЯРИЯСЫ
№1
КАНЦЕЛЯРИЯ

Бишкек ш.
2013-жылдын 24-июлу
№ 163

**Статья 6. Ограничение процентных ставок**

1. Размер предельно допустимого процента рассчитывается исходя из средневзвешенной номинальной процентной ставки, определяемой Национальным банком Кыргызской Республики, к которой добавляется 15 процентов.

2. Средневзвешенная номинальная процентная ставка по действующим кредитам банков и иных финансово-кредитных учреждений, лицензируемых и регулируемых Национальным банком Кыргызской Республики, рассчитывается Национальным банком Кыргызской Республики на полугодовой основе и публикуется на его официальном сайте.

Методика расчета средневзвешенной ставки процента определяется Национальным банком Кыргызской Республики.

3. При ростовщической деятельности в случае неисполнения обязательств заемщика перед кредитором изъятие залогового имущества заемщика производится исключительно в судебном порядке.

4. При определении денежных и/или материальных обязательств заемщика перед кредитором размер неустойки (штрафов, пени), начисленной за весь период действия кредита или займа, не должен превышать 20 процентов от суммы выданного кредита или займа.

5. Если кредитным договором или договором займа определен размер ставки менее предельно допустимого процента, суд рассматривает в рамках ставки, указанной в договоре, если кредитным договором или договором займа определен размер более предельно допустимого процента, суд рассматривает в рамках только в размере предельно допустимого процента.

**Статья 7. Вступление в силу настоящего Закона**

1. Настоящий Закон вступает в силу по истечении пятнадцати дней со дня официального опубликования.

2. Правительству Кыргызской Республики и Национальному банку Кыргызской Республики в трехмесячный срок привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом.

3. Действие настоящего Закона распространяется на отношения между кредитором и заемщиком по непогашенным кредитам и займам, возникшие до введения настоящего Закона в действие.

**Президент**
**Кыргызской Республики** **А. Атамбаев**

г. Бишкек
24 июля 2013 года
№ 163